Ата конуш алтын казык
Сөзү, обону Үсөйүн Мусаев

Арзуунун ыргагынан миң дилдирек,
Ажайып ырга айлана дилде жүрөт.
Адамдык сапат бизден адашпасын,
Арнаймын асыл ойдон аруу тилек!

Кайырма:
Закымдай ай-талаада мелмилдеген,
Өмүрлөр келет кетет сан миңдеген..
агдырдын бул жашоодо жолдору көп,
Табышмак сен билбеген, мен билбеген..

Эки жаш чоң жашоодо сыналсакен,
Эмгектен үзүр көрүп куралсакен!
Өрнөктүү аталардай даркан жашап,
Өр таяп өмүр жолу улансакен!.

Кайырма:
Закымдай ай-талаада мелмилдеген,
Өмүрлөр келет-кетээр сан миңдеген..
Тагдырдын бул жашоодо жолдору көп,
Табышмак сен билбеген, мен билбеген..

Ажарлуу келинибиз гүл затына,
Апаңдан мээрим менден алкоо-бата!
Ар күнү ыйман нуру жанып турган,
Уулума буюрган бир гүл татына!

Кайырма:
Гүлгүн кез мен самаган жаштыгымдай,
Силерге санмиң жолу каалай-каалай!
Эңсөөмдүн асманында чалкып жаткан,
Энчилейм чайпалбаган бакты-таалай!

Ызардан уулуң-кызың келсе бакыт,
Ынтымак-ырыс ТЕҢИР берсе бакыт!
Айлынан адашкандар кайтып келчү,
Ар дайым АТА КОНУШ Алтын казык!

Кайырма:
Бак-дөөлөт келсин элге балдарыма!
Бапырап,бардар жашап алга жыла.

Мээнетин тартып,жүгүн аркалашып,
Мекендин керегине жарагыла!.
Мээнетин тартып жүгүн аркалашып,
Мекендин намысына жарагыла!